"Бекитемин"

Мектеп директору: ____________

Т. Айдаркулов

"15" 12 2022.


Н. Кайназаров атындагы №16 орто

мектебинин №3 Педагогикалык

кеңешмесинде кабыл алынды

**Н. Кайназаров атындагы №16 орто мектебинин 2022-2027-жылга карата түзүлгөн**

# Мектептин өнүгүүсүнүн планы



**2022-жыл**

Сканировано с CamScanner

# МЕКТЕПТИН МИССИЯСЫ

***ОКУУЧУЛАРГА ҮЗГҮЛТҮКСҮЗ БИЛИМ БЕРҮҮ АРКЫЛУУ БИЛИМИ БИЛИМ БЕРҮҮ СТАНДАРТЫНЫН ТАЛАПТАРЫНА ЖООП БЕРГЕН, КООМДУН ӨНҮГҮҮСҮНӨ ШАЙКЕШ КЕЛГЕН ИНСАНДЫ КАЛЫПТАНДЫРУУ.***

Сканировано с CamScanner

# МЕКТЕПТИН КӨЙГӨЙҮ

1. *Окуучуларда жана мугалимдерде компьютердик технологияларды колдонуу компетенттүүлүгүнүн жана медиа сабаттулуктун деңгээлинин төмөндүгү*

2. *Ата-энелер жана коомчулук менен мектептин байланышын чыңдоо, ишеничти бекемдөө зарылчылыгы*

3. *Окуучулардын билим сапатынын ортодон жогору көтөрүү зарылчылыгы*

Сканировано с CamScanner

# Мектепти өнүктүрүү программасынын максаты:

1. Билим берүү стандарттарын толук аткаруу аркылуу окуучуларда билим сапатын жогорку деңгээлге көтөрүү, олимпиадалык жыйынтыктарды жогорулатуу, мугалимдерде жана окуучуларда медиасабаттуулукту жакшыртуу, ата-энелер мектебинин негизинде ата-энелер жана коомчулук менен биргеликте окуу-тарбия иштеринин сапатын арттыруу менен адеп-ахлактуу, билимдүү муунду жетилтүү.

2. Мектептин материалдык-техникалык базасын кеңейтүү, көмөкчү чарбаны жандандыруу жана мектептин айланасын коздоп, көрктөндүрүү аркылуу билим берүү мекемесинде билим берүүгө эң жогорку ыңгайлуулукту жаратуу.

Сканировано с CamScanner

“Бекитемин”
Н. Кайназаров атындагы
№16 орто мектебинин
директору: ______________
Т. Айдаркулов
“16” ______________ 2022-жыл

**Насирдин Кайназаров атындагы №16 орто мектебинин 2022-2027-жылдарга карата түзүлгөн мектептин өнүктүрүү программасынын иш планы**

**Мектептин миссиясы:** Окуучуларга үзгүлтүксүз билим берүү аркылуу билими билим берүү стандартынын талаптарына жооп берген, коомдун өнүгүүсүнө шайкеш келген инсанды калыптандыруу.

| № | Иш-чаралар | Мөөнөтү | Жооптуулар | Ресурстар | Күтүлүүчү натыйжалар |
|---|---|---|---|---|---|
| | **1. Окуу-тарбия иштери боюнча аткарыла турган иш-аракеттер** | | | | |
| 1 | Башталгыч класстардын окуучуларынын окуу техникалык көрсөткүчтөрүнүн нормасына жеткирүү | Дайыма | Башталгыч класс мугалимдери | Окутуу техникасынын нормалары | Окуучулар тез, шар жана туура окушат |
| 2 | Билим сапатын 60%га көтөрүү | 2022-2027 | Башталгыч класс мугалимдери, предметтик мугалимдер, ОББ | Окуу китептери менен толук камсыз болуу, кошумча интернет ресурстардан пайдалануу | Билим сапат 60%га жетет |
| 3 | Окуучулардын билим сапаты аркылуу мугалимдердин ишмердүүлүгүнө баа берүү, мугалимдерди шыктандыруу жана дем берүү мехнизмдерин колдонуу | 2022-2027 | Мектеп админстрациясы | Предметтик текшерүүлөр, олимпиададагы жыйынтыктар. Алдыңкы көрсөткүчтөргө стимул берүүчү сыйлыктар | Окуучулардын билим сапаты жогорулайт, мугалимдердин ишмердүүлүгү жакшырат |

Сканировано с CamScanner

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 4 | Мультимедиалык каражаттарды пайдалануу аркылуу сабактарды жүргүзүү | 2022-2024 | Жалпы мугалимдер | Интерактивдүү доскалар, ар бир класста компьютерлер, проекторлор | Окуучулардын мультимедиалык сабаттуулугу артат, максимум маалымат алышат жана программаны түшүнүү эффективдүү болот |
| 5 | Электрондук онлайн жана офлайн тесттер базасын түзүү | 2022-2024 | Предметтик мугалимдер, информатика мугалими, ОББ | Интернет ресурстары, ноутьбук, компьютерлер | Билим сапатын баалоонун ар кырдуулугу |
| 6 | Электрондук китепкана базасын түзүү | 2022-2023 | Китепканачы, информатика мугалими | Интернет ресурстары, флешкарталар, электрондук базалар | Мамлектебизидин санариптештирүү саясатын ишке ашат, окуучулар максимум китеп менен камсыз болот |
| 7 | Олимпиадалык топторду алдыңкы беш жылга карата түзүү | 2022-2027 | Предметтик мугалимдер, ОББ | Кошумча кружоктор, курстар, китептер, интернет ресурстары | Олипмпиадалык көрсөткүчтөр областык, республикалык деңгээлге көтөрүлөт |
| 8 | Китеп окуу маданиятын окуучуларда калыптандыруу | Жыл сайын | Китепканачы, кыргыз тили жана адабияты мугалимдери, класс жетекчилер | Китепканадагы китептер, электрондук китептер, аудио китептер | Китепке болгон жакындык пайда болот, жан дүйнө байыйт |
| 9 | Так илимдерге болгон кызыгуулдарды арттыруу | 2022-2027 | Математика, физика, химия, биология предметтеринин мугалимдери | Тиешелүү мугалимдердин тажрыйбалары, кошумча кружоктор | ЖРТ боюнча жыйынтыктар жакшырат, окуучулардын ой-жүгүүртүүлөр өрчүйт |

Сканировано с CamScanner

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 10 | Адеп-ахлак, тарбия, жакшы кулк-мүнөз темаларындагы ишмердүүлүктү жандандыруу | Жыл сайын | Кыргыз тили жана адабияты мугалимдери, класс жетекчилер, соцпедагог, ТИУ | Тарбия багытындагы китептер, коомдук уюмдардын өкүлдөрү менен жолугушуу, кечелер | Адеп-ахлактуу, жакшы кулк-мүнөздүү муун тарбияланып чыгат |
| 11 | Ата-энелер мектебин ачуу | 2023 | Класс жетекчилер, ОББ | Гапыр Мадаминовдун китептери, интернет ресурстар | Ата-эне, мектеп жана окуучулар бири-бири менен жакындайт. Билим сапат, тарбия жакшырат |
| 12 | Салыштырмалуу мониторингдерди жүргүзүү. Сапаттык билим берүүдөгү баалоонун түрлөрү. | Жыл сайын | Окуу бөлүмүнүн башчысы | Окутуудагы мониторингдерди чыгарып ар жарым жылда чыгарып туруу | Салыштырмалуу мониторингдердин негизинде анализ жүргүзүлөт, жыйынтыктарга карап иш-аракеттер жасалат |
| | **Мектептин материалдык-техникалык базасын жакшыртуу, өнүктүрүү жана чарбасын өркүндөтүү** | | | | |
| 1 | Көмөкчү чарбанын кайрак жерлерин көбөйтүү 3,0га чейин | 2023-2024 | Мектеп жетекчиси | Кайра бөлүштүрүү фондунун жерлери | Мектеп жылдагы чарбалык иштерин өзүн-өзү каржылайт |
| 2 | Мектептин эски багын жаңылоо, бактын жерин иштетүү | 2023-2024 | Мектеп жетекчиси, техперсоналдар | Эски бактын жери | Көмөкчү чарба кеңейет, мектепке киреше түшөт |
| 3 | Мектептин чек арасын толук тосуу | 2023-2024 | Мектеп жетекчиси, техперсоналдар | Демөөрчүлөр | Мектептин территориясы бекем корголот |
| 4 | Эски авариялык имартты бузуп, анын ордуна жаңы кошумча имарат куруу | 2023-2025 | Мектеп жетекчиси, ТИУ, техперсоналдар | Республикалык бюджеттен, жеке демөөрчүлөрдөн, гранттардан | Мектеп бир нөөмөттүк окууга өтөт, мектепке алыстан келген окуучулардын каттоосу жеңилдейт |
| | | | | | |

Сканировано с CamScanner

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 5 | Электрондук библиотеканы ишке салуу | 2023 | Мектеп жетекчиси, китепканачы, информатика мугалими | Компьютерлер, электрондук китептер, интернет ресурстары | Китепке болгон муктаждык азаят |
| 6 | Ашкана куруп, 1-4-класстарды ысык тамакка өткөрүү | 2023-2024 | Мектеп жетекчиси, ашпозчу, ТИУ | Кошумча курула турган имараттагы ашкана бөлмөсү | 1-4-класстар ысык тамак менен камсыз болот |
| 7 | Мектептин жылытуу системасын жакшыртуу | 2023 | Мектеп жетекчиси, от жагуучулар | Жергиликтүү бюджеттен | Жылытуу жакшырат, окуучуларга суукта билим алуусуна ыңгайлуу шарт түзүлөт |
| 8 | Сабак өтүүгө мультимедиалык каражаттарды көбөйтүү (интерактивдүү доскалар, панелдер, проекторлор  жана телевизорлор) | 2023-2025 | Мектеп жетекчиси, жалпы мугалимдер | Демөөрчүлөр, жергиликтүү бюджет, коомдук фонддор | Сабактар жаңы технологиялар менен өтүлөт |
| 9 | Мектепте электрондук журнал, электрондук күндөлүк системасына өтүү | 2023 | Мектеп жетекчиси, класс жетекчилер | Ата-энелер комитети | Ата-эне, мугалим, окуучу байланышы, катышуу жана жетишүүнү текшерүү жеңилдейт |
| 10 | Мектеп китепканасын кеңейтүү, окуу залын уюштуруу, кошумча ар кыл жанрдагы китептер менен камсыздоо | 2022-2027 | Мектеп жетекчиси, китепканачы | Коомдук уюмдар, демөөрчүлөр, жергиликтүү бюджет | Окуучулар, мугалимдер жана ата-энелер үчүн китеп жетиштүү болот, китеп окууга мүмкүнчүлүктөр кеңейет |
| 11 | Мектепке видеокөзөмөлдү киргизүү | 2023 | Мектеп жетекчиси, информатика мугалими | Жергиликтүү бюджет, камкордук кеңеш | Мектептин ички, тышкы тартиптери көзөмөлдөөгө ыңгайлуу шарт түзүлөт |

Сканировано с CamScanner

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 12 | Мектептин залындагы атрибуттарды, жалпы маалыматтык, предметтик, жетишкендик жана башка стенддерди жаңылоо | 2023 -2024 | Мектеп жетекчиси, ТИУ, предметтик мугалимдер | Жергиликтүү бюджет, мектеп фонду, демөөрчүлөр | Маалыматтар жаңыланат, мектептин жасалгасы коздолот, мугалимдер, окуучулар жана ата-энелер үчүн пайдалуу болот |
| 13 | Мектептеги бардык окуу кабинеттердин жана усулкананын жасалгасын жаңылоо | 2023-2024 | Жалпы мугалимдер жамааты | Мектеп фонду, демөөрчүлөр | Окуу кабинеттеринин жасалгасы жаңыланат, окуучулар пайдалуу маалыматтар менен камсыз болот |
| 14 | Мектептин айланасына гүлдөрдү, жашыл газондорду эгүү, ар кайсы көрүнүктүү жайларга учкул сөздөр, макалдар, улуу адамдардын айткан сөздөрүн жазып жайгаштыруу | 2024-2025 | Мектеп жетекчиси, ТИУ, кыргыз тили жана адабияты мугалимдери | Жергиликтүү бюджет, көмөкчү чарбадан, демөөрчүлөр | Мектептин айланасы коздолот, окуучуларга эстетикалык, адеп-ахлактык тарбия берет |
| | | | | | |

Сканировано с CamScanner